*https://doi.org/10.54890/1694-8882-2024-5-201*
**УДК 378:811.124**

# БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ ИННОВАЦИЯЛАР: МЕДИЦИНАЛЫК АДИСТИКТЕРДИН СТУДЕНТТЕРИ ҮЧҮН ЗАМАНБАП ЛАТЫНЧА-КЫРГЫЗЧА ОКУУ СӨЗДҮГҮН ИШТЕП ЧЫГУУ

**А.К. Дюшекеева**
И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы
Чет тилдер жана латын тили кафедрасы
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

**Резюме.** Бул тема билим берүүдөгү заманбап тенденцияларды, интерактивдүү окутууга басым жасоо жана заманбап технологияларды колдонуу, атайын окуу материалын – латынча-кыргызча окуу сөздүгүн түзүү зарылчылыгы менен айкалыштырат. Келечектеги медициналык практикада латын терминдерин колдонгон медициналык адистиктердеги студенттердин муктаждыктарын эске алуу маанилүү. Мындай окуу сөздүгү латын тилинин лингвистикалык аспектилерин клиникалык мисалдар жана материалды натыйжалуу өздөштүрүү үчүн заманбап билим берүү методикасы жана ыкмалары менен айкалыштырууга тийиш. Заманбап медициналык билим берүүдө клиникалык көндүмдөр менен теориялык билимдерге гана эмес, латын тилин жана медициналык терминологиянын негиздерин тереңдетип үйрөнүүгө да өзгөчө көңүл бурулат. Медициналык адистиктердин студенттери үчүн заманбап латынча-кыргызча окуу сөздүгүн иштеп чыгуу окуу процессинин негизги элементи болуп, салттуу окутуу ыкмаларын инновациялык ыкмалар менен айкалыштырат.

**Негизги сөздөр:** окуу сөздүк, латын тили, кыргыз тили, инновация.

# ИННОВАЦИИ В ОБРАЗОВАНИИ: РАЗРАБОТКА СОВРЕМЕННОГО ЛАТИНО-КЫРГЫЗСКОГО УЧЕБНОГО СЛОВАРЯ ДЛЯ СТУДЕНТОВ МЕДИЦИНСКИХ СПЕЦИАЛЬНОСТЕЙ

**А.К. Дюшекеева**
Кыргызская государственная медицинская академия имени И.К. Ахунбаева
Кафедра иностранных и латинского языков
г. Бишкек, Кыргызская Республика

**Резюме.** Эта тема объединяет современные тенденции в образовании, такие как акцент на интерактивное обучение и использование современных технологий, с необходимостью составления специализированного учебного материала – латино-кыргызского учебного словаря. Важно учитывать потребности студентов-медиков, которые используют латинские термины в своей будущей медицинской практике. Такой учебный словарь должен сочетать в себе лингвистические аспекты латинского языка с клиническими примерами и современными образовательными методиками для эффективного усвоения материала. В современном медицинском образовании особое внимание уделяется не только клиническим навыкам и теоретическим знаниям, но и углубленному изучению латинского языка, основы медицинской терминологии. Разработка современного латино-кыргызского учебного словаря для студентов-медиков становится ключевым элементом этого образовательного процесса, объединяя традиционные методы обучения с инновационными подходами.

**Ключевые слова:** учебный словарь, латинский язык, кыргызский язык, инновация.

# INNOVATIONS IN EDUCATION: DEVELOPMENT OF A MODERN LATIN-KYRGYZ EDUCATIONAL DICTIONARY FOR STUDENTS OF MEDICAL SPECIALTIES

**A.K. Duishekeeva**
Kyrgyz State Medical Academy named after. I.K. Akhunbaev
Department of Foreign and Latin languages
Bishkek, the Kyrgyz Republic

**Summary.** This topic combines modern trends in education, such as the emphasis on interactive learning and the use of modern technologies, with the need to compile specialized educational material - a Latin-Kyrgyz educational dictionary. It is important to consider the needs of medical students who use Latin terms in their future medical practice. Such an educational dictionary should combine the linguistic aspects of the Latin language with clinical examples and modern educational methods for effective assimilation of the material. In modern medical education, special attention is paid not only to clinical skills and theoretical knowledge, but also to the in-depth study of the Latin language, the basics of medical terminology. The development of a modern Latin-Kyrgyz educational dictionary for medical students is becoming a key element of this educational process, combining traditional teaching methods with innovative approaches.

**Key words:** educational dictionary, Latin language, Kyrgyz language, innovation

**Киришүү.** Латын тили дүйнө жүзү боюнча колдонулган медициналык терминологиянын негизи болуп саналат. Латын сөзүнүн негизин билүү медициналык адистиктердеги студенттерге медициналык терминдерди оңой эле эстеп калбастан, алардын маанисин жана келип чыгышын жакшы түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Терминологияны так жана бирдиктүү түшүнүү адистер менен бейтаптардын ортосундагы байланыштын негизги аспектиси болгон заманбап медициналык практиканын контекстинде өзгөчө маанилүү. Латын тилин медицинада колдонуунун илгертен келе жаткан салты дүйнө жүзүндөгү медицина кызматкерлерин жана медициналык билимди унификациялоо үчүн бириктирүүчү фактор катары кызмат кылат [1].

Байыркы доордон бери латын тили медицина илиминин өнүгүшүндө маанилүү роль ойногон. “Corpus”, “arteria”, “musculus” сыяктуу көптөгөн негизги латын терминдери бүгүнкү күнгө чейин колдонулуп келет. Бул латын тилинин түшүнүктөрдү аныктоодо тактыкка жана айкындуулукка ээ болгондугу менен шартталган. Медициналык окуу жайларында латын тилин үйрөнүү медициналык терминдерди жакшы түшүнүүгө гана өбөлгө болбостон, студенттердин лингвистикалык компетенттүүлүгүн да өнүктүрөт. Бул аларга эл аралык медициналык чөйрөдө натыйжалуу баарлашууга жана кызматташууга жардам берет.

Латын тилинде медициналык лексикография боюнча заманбап окуу материалдарын иштеп чыгуу билим берүүнүн заманбап стандарттарына жана студенттердин муктаждыктарына жооп берген инновациялык ыкмаларды талап кылат. Заманбап билим берүү системасы компетенттүү инновацияларга муктаж жана өз убагында жаңыланып туруусу абзел [2].

**Изилдөөнүн максаты:** Латынча-кыргызча окуу сөздүгүн иштеп чыгуу үчүн педагогикалык инноватиканын жаңылыктарын, проблемаларын карап чыгуу, талдоо жана системалаштыруу.

Билим берүүдөгү инновация – билим берүү практикасында жаңы идеяларды, каражаттарды, педагогикалык жана башкаруу технологияларын түзүү, ишке киргизүү жана жайылтуу процесси, анын натыйжасында билим берүүнүн структуралык компоненттеринин жетишкендик көрсөткүчтөрү жогорулап, система сапаттык жактан башка абалга өтөт [3].

Окуу сөздүктөр студенттерди жаңы тилдерди үйрөнүү жана өз тилиндеги билимди тереңдетүү үчүн керектүү куралдар менен камсыз кылуу менен билим берүү процессинде негизги ролду ойнойт. Окуу сөздүктөрүн иштеп чыгуунун негизги максаты – окуучулардын тилдик компетенттүүлүгүн өркүндөтүүчү жана окутууга көмөктөшүүчү эффективдүү жана жеткиликтүү куралды түзүү.

Макаланын объектиси – латынча-кыргызча окуу сөздүгү. Илимий макалада негизинен сыпаттоо жана аналитикалык изилдөө методдору колдонулган.

**Изилдөөнүн жыйынтыгы.** Билим берүү системасынын натыйжалуулугун жогорулатуунун жолдорунун бири инновацияны практикага киргизүү болуп саналат. Билим берүү тармагына

инновацияларды киргизүү – бул, албетте, педагогикалык процесстин сапатына таасирин тийгизүүчү мазмунду, методдорду, каражаттарды, педагогикалык технологияларды акырындык менен жаңыртып, өркүндөтүүнү камтыган татаал процесс.

Инновацияларды системалаштыруу Н.В. Горбунова, А.В. Поташник, Н.Р. Журавлев, Н.Р. Юсуфбекованын ж.б. эмгектеринде сунушталган, ал эми педагогикалык инноватиканын проблемаларын изилдөөчүлөр (И.М. Дичкивская, М.В. Воронов, Е.Ф. Зеер) педагогикадагы жаңы түшүнүктөрдү "пайдалуу, прогрессивдүү, позитивдүү, заманбап, өнүккөн" сыяктуу мүнөздөмөлөр менен байланыштырууга умтулат [4,5].

Окутуудагы инновациялар окутуунун жаңы методикасын, сабактарды уюштуруунун жаңы ыкмаларын, билим берүүнү уюштуруудагы инновацияларды, билим берүүнүн натыйжаларын баалоо ыкмаларын билдирет. Педагогикалык процесстин контекстиндеги инновация окутуунун жана тарбиялоонун мазмунуна, ыкмаларына жана формаларына жаңы нерселерди киргизүүнү, окутуучу менен студенттин биргелешкен ишмердүүлүгүн уюштурууну түшүндүрөт [6].

ЖОЖдордо инновацияларды ишке ашыруу процессин жүргүзүү маанилүү жана келечектеги медициналык адистерди окутууда төмөнкүлөр каралган:

- студенттердин өз алдынча таанып-билүү ишмердүүлүгүндө да,

келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүндө да инновацияны колдонуу көндүмдөрүн калыптандыруу;

- өтүлүп жаткан сабактардын алкагында илимий-изилдөө иштерин

киргизүү жана ошондой эле тиешелүү темалар боюнча курстук, дипломдук жана илимий иштерди жазуу;

- келечектеги адистерди тематикасы жана / же ишке ашыруу каражаттары боюнча инновациялар менен байланышкан ар кандай деңгээлдеги долбоорлорду ишке ашырууга тартуу [3]. Жогоруда талкууланган маселени эске алуу менен латынча-кыргызча окуу сөздүгүн түзүү милдети пайда болду.

Окуу сөздүк – чечмелөө, колдонуу мисалдары, ошондой эле грамматикалык өзгөчөлүктөрү жана стилистикалык нюанстар жөнүндө маалыматтар менен камсыздалган сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын жыйындысы. Окуу сөздүгүнүн негизги функциялары:

1. Жаңы сөздөрдү түшүнүүгө жардам берет: сөздүктүн негизги максаты – сөздөрдүн маанисин жана ар кандай контекстте колдонулушун түшүндүрүү. Бул студенттерге активдүү жана пассивдүү лексиканы кеңейтүүгө жардам берет.

2. Сөз жөнүндө маалымат берет: сөздүктөр сөздүн айтылышы, грамматикалык белгилери, синонимдер жана антонимдер жөнүндө маалымат берип, лексикалык бирдиктерди толук түшүнүүгө өбөлгө түзөт.

3. Грамматика жана стилистика жаатында көмөк көрсөтөт: окуу сөздүктөрү көбүнчө грамматикалык эрежелер жана стилистикалык көрсөтмөлөр жөнүндө маалыматты камтыйт, бул студенттерге сүйлөөдө жана которууда сөздөрдү туура колдонууга жардам берет.

Окуу сөздүктөрүн түзүү студенттердин билим берүү тажрыйбасын өркүндөтүүгө багытталган татаал жана көп кырдуу процесс. Ошондуктан латынча-кыргызча окуу сөздүгүн түзүүдө бир нече шартты белгилей кетүү керек.

Мисалы, окуу процессиндеги инновациялар:

- интерактивдүү окуу ресурстары: заманбап окуу китептери жана онлайн платформалар студенттерге латын медициналык терминологиясын үйрөнүү үчүн интерактивдүү куралдарды сунуштайт. Буга материалды жакшы кабыл алууга мүмкүнчүлүк берген аудио жана видео материалдар, викториналар, визуалдык сүрөттөр кирет.

Мисалы. Төмөнкү сөздөрдөн 11 медициналык сөз айкашын түзгүлө жана которгула. 1 сөз айкашы = 1 балл. Аткарууга 3 мүнөт берилет.

| | | | |
|---|---|---|---|
| ana | facies | bene | exitus |
| pulmonis | sub | letalis | Hippocratica |
| arcus | per (2) | vertebrae | satis |
| linguam | quantum | rectum | destillata |
| aqua | os | nota | abscessus |

Туура жооптору: aqua destillata – тазаланган суу, Nota bene! – көңүл бур!, sub linguam – тилдин алдына, ж.б.

- Клиникалык мисалдар жана кейс стади: окуу материалдары реалдуу клиникалык сценарийлерди жана мисалдарды бириктирет, анда студенттер латын терминдеринин практикалык контекстте колдонулушун көрө алышат. Бул аларга терминологияны жаттоого гана эмес, анын бейтаптарды диагностикалоо жана дарылоо үчүн маанисин түшүнүүгө жардам берет. Мисалы: "Оорулуу суу процедуралары менен дарылоого муктаж. Бул маанини камтыган терминди жазгыла." – Hydrotherapia (Hydro – суу, therapia – дарылоо).

- Персоналдык окутуу: адаптивдүү технологияны колдонуу окууну студенттердин жеке муктаждыктарына ылайыкташтырууга мүмкүндүк берет жана билимди текшерүүнү, окууда жетишпеген жактарын автоматтык түрдө бөлүп көрсөтүүнү жана персоналдык материалды кайра карап чыгуу сунуштарын камтыйт.

Латын тилинде медициналык лексикографияны иштеп чыгуунун инновациялык ыкмалары медициналык студенттердин билим берүү процессин байытып гана тим болбостон, медициналык терминологиянын сакталышын жана эволюциясын колдойт. Алар дүйнөлүк медициналык практикада натыйжалуу өз ара аракеттенүүгө даяр жогорку квалификациялуу адистерди калыптандырууга көмөктөшөт.

**Корутунду.** Медициналык студенттер үчүн заманбап латынча-кыргызча окуу сөздүгүн иштеп чыгуу заманбап окуу процессиндеги маанилүү кадам болуп саналат. Ал бир гана медициналык терминологияны терендетип үйрөнүүгө көмөктөшпөстөн, окутуунун заманбап ыкмаларын жана технологияларын колдонуу аркылуу билим берүү тармагындагы инновацияларды колдойт. Мындай ыкма келечектеги медициналык адистерди кесиптик практикага даярдоо менен гана чектелбестен, алардын критикалык ой жүгүртүүсүн жана теориялык билимин иш жүзүндө колдонуу жөндөмүн өркүндөтөт.

***Адабияттар***


1. *Столяров А.А. Латинский язык в контексте европейской культуры. М.:СГУ; 1998:47-50.*
2. *Надточий Ю.Б. Интеллектуальный капитал образовательной организации. М.: Горячая линия –Телеком; 2019. 128 с.*
3. *Кондратьев С.С. Инновации в современном образовании. Молодой ученый. 2021;4(346):346-347.*
4. *Воронов М.В. Профессиональное обучение студентов на основе интегрированных курсов. Инновации в образовании. 2011;9:4-15.*
5. *Зеер Э.Ф. Компетентностный подход как фактор реализации инновационного образования. Образование и наука. 2011;8:3-15.*
6. *Дичкивская И.М. Инновационные педагогические технологии: учебник. 2-е изд., Перераб. Киев: Академвидав; 2012. 352 с.*


***Цититалоо үчүн***


*Дюшекеева А.К. Билим берүүдөгү инновациялар: медициналык адистиктердин студенттери үчүн заманбап латынча-кыргызча окуу сөздүгүн иштеп чыгуу. Евразиялык саламаттыкты сактоо журналы. 2024;5:201-204.* https://doi.org/10.54890/EHJ-2024-5-201


***Автор жөнүндө маалымат***


**Дюшекеева Айзада Кубанычбековна** – И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын чет тилдер жана латын тили кафедрасынын улук окутуучусу, Бишкек ш., Кыргыз Республикасы. E-mail: *aduishekeeva570@gmail.com*